| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ<br><br>ТҮП РАЙОНУНУН<br>ТҮП АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ<br><br>АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА ТЮП<br>ТЮПСКОГО РАЙОНА |
|---|---|---|

**Түп айылдык кеңешинин XXIX-чакырылышынын**
**XVI–сессиясынын**
**ТОКТОМУ**

2026-жылдын 3-марты **№8** Түп айылы

**Түп айыл аймагында катуу тиричилик калдыктарын чыгаруу боюнча тарифтерди бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” №123 Мыйзамынын 34-беренесинин 2.11.-пунктунун негизинде, Түп айылдык кеңешинин XXIX-чакырылышынын 2026-жылдын 26-февралындагы XVI – сессиясы **токтом кылат:**

1. Түп айыл өкмөтүнө караштуу “Түп муниципалдык коммуналдык тиричилик чарбасы” мекемесинин катуу тиричилик калдыктарын (таштандыларды) чыгаруу боюнча тарифтери төмөнкүдөй бекитилсин:

- Жеке жактарга:
  - бир кожолука 1 айга – 100 сом (өттүн күлүн чыгаруу жумуштары ичинде);
  - багаар-көрөөрү жок жалгыз бой карыларга акысыз;
  - келишимдин негизинде 1 контейнерге – 300 сом.
- Мекеме, уюмдарга:
  - Ар бир кызматкерге 1 жылга – 250 сом;
  - Түп райондук жалпы дарыгердик практикалык борбору мекемесине ар бир контейнерге - 600 сом.
- Коммерциялык жактарга:
  - чоң соода түйүндөрү жана ашканаларга 1 контейнер алуу үчүн 1 тапшырыкка – 600 сом;
  - кичине жашылча-жемиш саткан соода жайлар жана нан бышыруучу жайлар үчүн бир айга - 500 сом;
  - кичине соода кылуучу түйүндөргө, чач тарач, павильондорго ар бир жумушчу адамга 1 айга – 200 сом.

2. Түп айылдык кеңешинин 2025-жылдын 21-январындагы “Түп айыл аймагында катуу таштанды калдыктарын чыгаруу боюнча тарифтерге өзгөртүү киргизүү жөнүндө” №17-токтому жокко чыгарылсын.

3. Бул токтомду маалымат-массалык каражаттарына жарыялап, Кыргыз Республикасынын Юстиция Министрлигинин каттоосунан өткөрүү жооптуу катчы Ж.Ишембаевага милдеттендирилсин.

**Төрага** **А.Б.Абдымамбетов**